Европа Биримдиги тарабынан каржыланат

Каржылык колдоосу менен:

Federal Ministry for Economic Cooperation and Development

DVV International

ЖАШТАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ИНСТИТУТУ



# YOUTH GO

**ЖАШТАРДЫН САНАРИПТИК МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН КЕҢЕЙТҮҮ ДОЛБООРУ**

# ПОРТАЛДАРДАГЫ АЧЫК МААЛЫМАТТАРДЫ КОЛДОНУУ БОЮНЧА КӨРСӨТМӨЛӨР

# Киришүү

Бул документ ар кандай порталдардагы ачык маалыматтарды колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн,куралдарын жана колдонуу боюнча көрсөтмөлөрдү түшүндүрүүгө багытталган маалыматтык материал болуп эсептелет.Анын максаты - колдонуучулардын маалыматка жетүүсүн жеңилдетүү,жарандардын ачыктыгын жана маалымдуулугун жогорулатуу.

## Максаттуу аудитория

Жарандар, юридикалык жактар, мамлекеттик органдардын өкүлдөрү жана коомдук уюмдар.

### Кыскартууларды чечмелөө:

| | |
|---|---|
| **МСК** | Мамлекеттик Салык Кызматы. |
| **УЧА** | Укуктук-ченемдик актылар. |
| **БИС** | Бирдиктүү идентификация системасы. |
| **АМС** | Автоматташтырылган маалыматтык система. |
| **МЭӨС** | Мекемелер аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасы. |

# Мазмуну


1. **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЧЫК МААЛЫМАТТАР ПОРТАЛЫ** ........ **0**
   **https://data.gov.kg/**
   - Порталды колдонуу боюнча нускама

2. **ЭЛЕКТРОНДУК КЫЗМАТТАРДЫН МАМЛЕКЕТТИК ПОРТАЛЫ** ........ **0**
   **https://portal.tunduk.kg/**
   - Кызматтарды колдонуу боюнча нускама
   - Электрондук кайрылуулардын мамлекеттик системасы

3. **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УКУКТУК-ЧЕНЕМДИК АКТЫЛАР ДОЛБООРЛОРУН ТАЛКУУЛОО БОЮНЧА БИРДИКТҮҮ ПОРТАЛЫ** ........ **0**
   **http://koomtalkuu.gov.kg/ru**
   - Бирдиктүү порталдын функционалдык мүмкүнчүлүктөрү
   - Порталды колдонуу эрежелери

4. **МАМЛЕКЕТТИК САЛЫК КЫЗМАТЫНЫН САЙТЫНДАГЫ САЛЫК ТӨЛӨӨЧҮНҮН КАБИНЕТИ** ........ **0**
   **https://cabinet.salyk.kg/**
   - Колдонуучуну салык төлөөчүнүн кабинетине каттоо
   - Салык төлөөчүнүн аутентификациясы
   - Порталдын бөлүмдөрү

5. **«САНАРИП АЙМАК» АВТОМАТТАШТЫРЫЛГАН МААЛЫМАТ СИСТЕМАСЫ** ........ **0**

6. **ЖАРАНДАРДЫН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНА ЭЛЕКТРОНДУК КАЙРЫЛУУ ПОРТАЛЫ** ........ **0**
   **www.kattar.kg**
   - Электрондук кайрылуу толштуруу нускамасы

7. **«АЧЫК БЮДЖЕТ» ИНТЕРНЕТ ПОРТАЛЫ** ........ **0**
   **https://budget.okmot.kg/**
   - Порталды колдонуу боюнча нускама

# 1. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЧЫК МААЛЫМАТТАР ПОРТАЛЫ https://data.gov.kg/

**Кыргыз Республикасынын ачык маалыматтар порталы** колдонуучуларга мамлекеттик жанга башка уюмдар эркин бере турчу маанилүү маалыматтарды алууга шарт түзөт. Бул жарандарга, ишкердикке жана коомдук уюмдарга пайдалуу онлайн-инструмент.

Порталдан:

1. **Керектүү маалыматтарды ачкыч сөздөр же критерийлер боюнча издөө:**

   Маалыматтар топтомун белгилүү критерийлер жана ачкыч сөздөр боюнча издөө жана тандоо мүмкүнчүлүгү.

2. **Маалыматтардын сүрөттөмөсүн жана мазмунун жүктөбөстөн кароо:**

   Маалымат топтомдорунун паспорттору жана мазмуну менен алдын ала жүктөбөй таанышуу мүмкүнчүлүгү.

3. **Маалыматтардын негизинде диаграммалар, графиктер жана карталарды тез түзүү:**

   Диаграммалар, графиктер жана картографиялык маалыматтарды түзүү инструменттерин колдонуу менен маалыматтарды ыкчам визуалдаштыруу мүмкүнчүлүгү.

4. **Уюмдардын сайттарынан актуалдуу маалыматтарды түз жүктөө:**

   Уюмдардын сайттарынан актуалдуу маалымат топтомдорун автоматтык түрдө жүктөө мүмкүнчүлүгү.

5. **Маалыматтарды ачуунун артыкчылыктуу тартиби боюнча сунуштарды берүү жана талкууга катышуу:**

   Маалыматтарды ачуунун артыкчылыктарынтаныктоо боюнча мамлекеттик-жарандык диалогго катышуу мүмкүнчүлүгү.

6. **Өзүңүздүн маалымат топтомдорун же аларга шилтемелерди кошуу:**

   Уюмдардын сайттарында жайгаштырылган маалымат топтомдорун жана шилтемелерди жайгаштыруу мүмкүнчүлүгү.

7. **Маалыматтарды ыңгайлуу форматтарга өзгөртүү:**

   Маалымат топтомдорунун паспортторун түзүү жана маалымат форматтарын «ачык форматтарга» өзгөртүү мүмкүнчүлүгү.

8. **Маалыматтарды автоматтык издөө жана жүктөө үчүн API колдонуу:**

   Маалымат булактарынын API ине суроо жиберүү (издөө, тандоо критерийлери боюнча маалымат топтомдорун жүктөө, SPARQL суроо-талаптарын аткаруу) мүмкүнчүлүгү.

## Порталды колдонуу боюнча нускама

Ачык маалыматтарды алуу үчүн колдонуучу түзмөгүңүздөгү (ноутбук, планшет, смартфон) жумушчу столундагы каалаган браузер аркылуу **https://data.gov.kg/** порталынын башкы бетине өтүү керек. Анда маалыматтарды издөө үчүн ачык издөө тилкеси тегдер түрүндө актуалдуу издөөлөрдүн сунуштары көрсөтүлөт.

Издөө тилкесине кайсы бир мекемелер жана уюмдар боюнча суроонузду жазсаңыз болот.

Төмөндө башкы менюдагы бөлүмдөр аларда камтылган маалыматтардын саны кошо көрсөтүлгөн:


- Маалымат топтомдору;
- Уюмдар;
- Тиркемелер жана кызматтар;
- Топтор.

Ар бир бөлүм сиздин суроону төмөнкүдөй критерийлер боюнча структуралык маалыматтарды жана ачык издөө системасын камтыйт.

- *актуалдуулугу;*
- *аталышы боюнча өсүү же азаюу тартибинде акыркы өзгөртүүлөр жана суроо-талаптын популярдуулугу.*

Уюмдардын тизмелери өзүнчө көрсөтүлгөн

Мындан тышкары, колдонуучуларга ыңгайлуу болуусу үчүн сайттын башкы бетинде популярдуу маалымат категориялары көрсөтүлгөн. Бул ыкчам издөөгө шарт түзөт.




Сайттын ар бир бөлүмү бирдей жасалган. Документтердин саны көрсөтүлгөн маалыматтар уюмдар, топтор, актуалдуу тегдер, форматы жана лицензиясы боюнча бириктирилген.

Маалыматтарды тандагандан кийин, сиздин алдыңызда алдын-ала көрүү же жүктөп алуу үчүн маалыматтар топтому бар бет ачылат. Ошондой эле, бул бетте документ үчүн жооптуу уюмдун байланыш контактылары берилет (дареги, веб-сайты, электрондук почтасы, социалдык тармактардагы барактары).

# 2. ЭЛЕКТРОНДУК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮН МАМЛЕКЕТТИК ПОРТАЛЫ https://portal.tunduk.kg/

**Мамлекеттик электрондук кызматтар порталы (мындан ары – Мампортал)** мамлекеттик маалыматтык система болуп саналат. Ал мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды электрондук форматта көрсөтүүнү жана кайрылуучулардын мамлекеттик жана муниципалдык кызматтар тууралуу маалыматка жетүүсүн камсыздайт.


Мампорталда мамлекеттик жана муниципалдык кызматтар, ошондой эле айып пулдарды текшерүү, жалпы жарандык паспорттордун, айдоочулук күбөлүктөрдүн даяр экендигин текшерүү, соттолбогондугу тууралуу жана башка маалымкаттар менен документтерди алуу сыяктуу кызматтар көрсөтүлөт. Бул кызматтар «Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасы аркылуу ишке ашырылат.

Мампорталдын кызматтары жарандардын/юридикалык жактардын кагаз түрүндөгү маалымкаттар менен документтерди алуу үчүн убактысын жана чыгымдарын кыскартууга алып келет. Бирдиктүү электрондук кызматтар порталында үйдөн чыкпай же дүйнөнүн каалаган жеринде туруп бардык маанилүү коомдук мамилелерди жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк ачылат.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарга, ошондой эле башка кызматтарга жана сервистерге жетүү үчүн Мамлекеттик электрондук кызматтар порталына (мындан ары – Портал) катталуу зарыл. Порталга катталуу аркылуу колдонуучунун жеке кабинети жеткиликтүү болот, ал жерде кызматтарды алууга болот.

Порталга катталуу үчүн төмөнкүлөр талап кылынат:


Сайтка **(portal.tunduk.kg)** кирип, жогорку оң бурчта жайгашкан «Кирүү» баскычын басуу




Порталга кирүү үчүн кирүү жолдору көрсөтүлгөн терезе ачылат. Каттоодон өтүүнүн 3 жолу каралган:

- e-ID картасы аркылуу;
- Булуттук электрондук кол тамга аркылуу;
- QR-код аркылуу.

Барактын оң жагында порталга катталуунун ар бир ыкмасы боюнча кеңири маалымат камтыган нускамалар бар.




Кызматты алуу боюнча нускама

Госпорталдан кызмат алуу үчүн төмөнкү кадамдарды аткарыңыз:

**1-кадам.** Сизге керек кызматты тандаңыз же издеңиз.

- Аны издөө системасы аркылуу аткарууга болот.

*Издөө тилкесине кызматтын аталышын кирилл алфавитинде (толугу менен же жарым-жартылай) жазыңыз жана система сизге тандап алуу үчүн варианттарды сунуштайт.*

- Же болбосо «Кызматтар» бөлүмүндөгү кызматтар менюсунан издеңиз.

*Бардык кызматтар категориялар боюнча бөлүштүрүлгөн.*

Кызмат тандап же таап алгандан кийин төмөнкү маалыматтар көрсөтүлөт:

- кызматтын түрү (автоматташтырылган/жарым автоматташтырылган);
- кызмат көрсөтүүнүн убактысы (тез арада же бир нече иш күнү кызматка жараша);
- кызматтын баасы (акысыз/акылуу);
- бул кызматты көрсөтүүчү мамлекеттик орган;
- кызмат тууралуу кыскача түшүндүрмө.

**2-кадам.** Баяндама менен таанышкандан кийин арызды толтурууну улантыңыз. «Арыз берүү», «Тапшыруу» же «Кирүү» баскычын басыңыз (кызматка жараша). Бул учурда сизге кызмат алуу үчүн арыздын формасы көрсөтүлөт.

**3-кадам.** Улантуу үчүн «Жөнөтүү» баскычын басыңыз. Сиздин суроoңузга тиешелүү жооп (натыйжа) көрсөтүлөт.

**тандаган кызматка (кызмат көрсөтүүгө) тийиштүү, базасында болгон маалыматка таянган мамлекеттик органдын жообу (натыйжасы) көрсөтүлөт.*

**4-кадам.** Маалыматтык документти алуу» баскычын басыңыз. Берилген маалыматтардын негизинде документ түзүлөт. Маалыматтык документти талап кылган мамлекеттик органга берүүгө, басып чыгарууга, түзмөгүңүзгө жүктөө жана сактоого болот.


Кыргыз Республикасы — Кыргызская Республика

**АЙЫЛ ЧАРБА МАЛЫНЫН БАР ЭКЕНДИГИ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ**

Өтүнмө берүүчүнүн аты-жөнү
ИЖН

**КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫГЫ**

| | |
|---|---|
| Список сельскохозяйственного скота: | Чарбада катталган малы жок |
| Кызмат көрсөтүүчү органдын аталышы: | **Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Ветеринардык кызматы** |

Суроолор пайда болсо же маалыматтар дал келбесе кызмат көрсөткөн органга кайрылуу зарыл.

| | |
|---|---|
| Документтин уникалдуу номери: | 24295971206 |
| Документтин түзүлгөн күнү жана убактысы: | 06-12-2024-жылы, 17:25:29 (GMT+6) |

**Эскертүү:** Кызмат көрсөтүүнүн жыйынтыгы мамлекеттик органдардан алынган маалыматтын негизинде «Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасы аркылуу түзүлдү.

"Электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталын пайдалануу эрежелерин бекитүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 7-октябрындагы №525 токтомуна ылайык, документ юридикалык күчкө ээ жана мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан өз колу менен кол тамга коюлган кагаз түрүндөгү документтерге барабар болот.

Бул документте камтылган маалымат суроо-талапты алган датага карата актуалдуу болуп саналат жана түзүлгөн күндөн тартып 30 күндүн ичинде текшерүүгө жеткиликтүү болот.

Маалыматтарды текшерүү үчүн, төмөндө көрсөтүлгөн QR-кодду сканерден өткөрүү керек:

Документ Кыргыз Республикасынын Электрондук кызмат көрсөтүүлөр порталы тарабынан түзүлдү

**эгер сиз авторизациядан өтпөгөн болсоңуз, авторизация өтүү керектиги тууралуу билдирүү чыгат.*

## Мамлекеттик электрондук билдирүүлөр системасы

Бул система Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик/муниципалдык органдарга сунуш, арыз, даттануу түрүндөгү билдирүүлөрдү жөнөтүүгө жана жоопторду алууга, ошондой эле орган тарабынан берилген жоопко баалоого мүмкүндүк берет.

**Авторизациядан өткөн колдонуучулар мампорталда төмөнкү мүмкүнчүлүктөргө ээ:**

1. Мамлекеттик жана муниципалдык органдарга арыздарды жөнөтүү;
2. Жөнөтүлгөн арыздардын статусун «Арыздардын тарыхы» бөлүмүнөн көзөмөлдөө;
3. Арыздын статусу боюнча билдирүүлөрдү электрондук почтага же Telegram мессенджери аркылуу алуу (колдонуучу тандаганга жараша);
4. Мамлекеттик орган тарабынан берилген жооптун көчүрмөсүн электрондук почтага алуу;
5. Мамлекеттик орган тарабынан берилген жоопту баалоо жана ой-пикир калтыруу;
6. Мампорталдын авторизацияланган колдонуучулары үчүн жеткиликтүү болгон бардык кызматтарды колдонуу, анын ичинде арыздардын тарыхын көрүү жана жеке кабинетке кирүү.

**Авторизациядан өтпөгөн колдонуучулар мамспорталда төмөнкүлөрдү жасай алышат:**

Мамлекеттик жана муниципалдык органдарга арыздарды жөнөтүү

# 3. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УКУКТУК-ЧЕНЕМДИК АКТЫЛАР ДОЛБООРЛОРУН ТАЛКУУЛОО БОЮНЧА БИРДИКТҮҮ ПОРТАЛЫ http://koomtalkuu.gov.kg/ru

**Бирдиктүү портал** - бардык нормативдик-укуктук актылар долбоорлорун коомдук талкуулоо үчүн электрондук аянтча болуп саналат.

**Бирдиктүү порталдын мүмкүнчүлүктөрү:**

1. Портал жарандардын укуктук демилгелерин бир катар веб-сайттарда көзөмөлдөөдөгү ыңгайсыздыктарын жана кыйынчылыктарын чечет.
2. Портал кеңири издөө системасына ээ жана жарандардын долбоорлор боюнча ой-пикир, сунуш, суроолоруна  долбоордун демилгечилери белгиленген мөөнөттө негиздүү жоопторду беришет. Бардык талкуулар, анын ичинде иштеп чыгуучулардын жооптору дагы ачык көрсөтүлөт.
3. Жарандар үчүн маанилүү болгон демилгелерд тууралуу маалыматты өткөрүп жибербөө үчүн порталда тармактык мыйзамдар же ачкыч сөздөр боюнча автоматтык билдирүүлөрдү алуу үчүн жазылуу мүмкүнчүлүгү бар. Мисалы, эгерде сизди социалдык жөлөк пулдар кызыктырса, Порталда «социалдык жөлөк пулдар» ачкыч сөздөрү боюнча билдирүүлөргө жазылсаңыз болот. Мындай учурда, Порталга «социалдык жөлөк пулдары» деп аталган демилге жүктөлгөн сайын, сизге электрондук почта аркылуу кабар жөнөтүлөт. Ошентип, сиз үчүн маанилүү болгон демилгелерди өткөрүп жибербей, алар боюнча пикириңизди билдирүүгө мүмкүнчүлүк аласыз.
4. Портал мыйзам долбоорунун коомдук талкуулоо этабы аяктагандан кийин да, долбоордун улантылышын, кабыл алынганга чейин көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берет. Ошондой эле, долбоорду тийиштүү документтери менен мөөнөтсүз сактайт. Мыйзам долбоорунун кабыл алынган тарыхы, негиздеме маалымдамасы жана башка тийиштүү документтер келечекте анын идея, максаттарын түшүнүүгө жардам берет.
5. Мыйзам долбоорлорунун коомдук талкуусуна катышуудан тышкары, жарандар Портал аркылуу ар кандай мыйзамды же укуктук-ченемдик актыларын өзгөртүүгө сунуштарын бере алышат. Бул сунуштар мамлекеттик органдар тарабынан колдоого алынып, келечекте мыйзамдын өзгөртүлүшүнө негиз болот.

Порталда мамлекеттик же башка мыйзам менен корголгон сыр болбогон укуктук-ченемдик актылардын долбоорлору жайгаштырылат. Портал жана мобилдик тиркеме коомдук талкуу үчүн жарандардын мамлекеттик чечимдерди кабыл алуу процессине катышуусун жеңилдетет. Мамлекеттик органдар жана коомчулук бири-бирин жакшыраак угуп, түшүнүп, кеңешүү аркылуу ар кандай маселелер боюнча биргелешип чечимдерди табышат. Натыйжада, кабыл алынган мыйзамдардын жана укуктук-ченемдик актылардын сапаты жогорулайт, ал эми бул процесс ачык, түшүнүктүү болуп, жарандардын каалоолору эске алынат.

### Порталды колдонуу эрежелери

Порталдын толук функцияларын колдонуу үчүн, **http://koomtalkuu.gov.kg/ru** сайтына **авторизациядан** өтүү керек.

Башкы менюдан **Жеке кабинет** бөлүмүн тандалат, авторизация үчүн терезе ачылат.

Андан кийин, талап кылынган маалыматтарды толтуруңуз жана Кирүү баскычын басыңыз. Эгерде Сиз мурун катталбаган болсоңуз, Азыр аккаунт түзүңүз деген баскычты тандап, каттоодон өтүңүз: **http://koomtalkuu.gov.kg/ru/register.**

Авторизациядан кийин сайтта автоматтык түрдө колдонуучунун профили ачылат, бул жерде профилди оңдоп-түзөөлөрдү киргизүүгө болот.

Укуктук-ченемдик акттын (УЧА) долбооруна комментарийлерди жана сунуштарды калтыруу үчүн УЧА долбоорунун паспортуна өтүп, **ой-пикир калтыруу баскычын басыңыз.**

Ачылган текст талаасына ой-пикир жазыңыз жана **ой-пикир жиберүү баскычын басыңыз.** Ой-пикирлерди долбоордун кайсы бир бөлүмүгүнө же бүтүндөй долбоорго калтырууга болот.

УЧА тестин көрүүгө ыңгайлуу болуш үчүн **Комментарийлерди жашыруу же Комментарийлерди көрсөтүү** деген баскычты басып, колдонуучулардын комментарийлерин жашырып же көрө аласыз.

Жалпы долбоорго ой-пикир калтыруу үчүн **Бүтүндөй УЧА долбоорго жалпы ой-пикир калтыруу** баскычын басыңыз.

Текст киргизүү талаасына тектс жазып, файлды тиркеп, көк айлампадагы жебени басып жибериңиз.

Башка колдонуучулардын ой-пикири жакса авторизияланган колдонуучу **Колдойм баскычын** басып колдоого алса болот. Эгер ой-пикир жакпаса **Колдобойм басычын** басат. Ошондой эле, ой-пикирге даттануу үчүн **Даттануу баскычын** бассаңыз болот.

# 4. МАМЛЕКЕТТИК САЛЫК КЫЗМАТЫНЫН САЙТЫНДАГЫ САЛЫК ТӨЛӨӨЧҮНҮН КАБИНЕТИ https://cabinet.salyk.kg/

**Салык төлөөчүнүн кабинети** — бул мамлекеттик салык кызматы (МСК) тарабынан салык төлөөчүлөр менен өз ара аракеттенүү үчүн түзүлгөн программалык камсыздоо. Салык төлөөчүнүн кабинетинин жардамы менен салык төлөөчү МСКга кайрылып, отчет тапшырып, эсеп карталарынын абалын көрө алат.

Салык төлөөчүнүн кабинети салык төлөөчүлөргө электрондук түрдө салыктык отчеттуулукту тапшыруу мүмкүнчүлүгүн берет.

**Салык төлөөчүнүн кабинети төмөнкү кызматтарды көрсөтөт:**


- Салыктык билдирүүлөрдү жана кабарламаларды берүү;
- Салыктык отчеттуулукту толтуруу жана тапшыруу;
- Жөнөтүлгөн отчеттуулуктун статусун текшерүү;
- Салык арыздарын берүү;
- Салык текшерүүлөрүнүн натыйжаларына даттануу;

- МСК менен өз ара эсептешүүлөр боюнча текшерүү актыларын түзүү;
- Салык төлөөчүнүн өздүк эсеп картасын берүү;
- Өздүк эсеп картасынан көчүрмөсүн алуу;
- Салыктарды жана башка төлөмдөрдү төлөө;
- Төлөмдөрдү көзөмөлдөө;
- Салыктык жылнаама;
- Салык карызын текшерүү;
- Салыктык документтерди жүктөө жана басып чыгаруу.

**Колдонуучуну салык төлөөчүнүн кабинетине катталуусу (кийинкиде СК, система)** логин/пароль аркылуу жүргүзүлөт. КР МСК сайты тууралуу толук маалымат жана катталуу үчүн нускама төмөнкү шилтемеде **https://cabinet.salyk.kg/manual/cabinet.**

## 1.1. ИННди МСК базасына кошуу:

Эгерде физикалык жак салык төлөөчү болуп саналбаса “Бул ИНН менен колдонуучу салык төлөөчү эмес” деген билдирүү чыгат. Бул учурда, “ИННди кошуу” шилтемесин басуу менен МСКнын салык төлөөчүлөрүнүн базасына ИННди аралыктан кошууга болот.




ИННди издөө талаасына киргизгенден кийин система аны табат.

## 1.2. Бир нече юридикалык жакты бир колдонуучуга байлоо


Эгерде колдонуучу бир нече юридикалык жакта иш жүргүзсө, анда негизги эсепке алуу жазуусуна башка юридикалык жактардын маалыматын киргизип коюуга болот.

Бул үчүн «Катталуу» бөлүмүнө өтүңүз. «Жактын түрү» талаасынан юридикалык жакты тандаңыз. «Юридикалык жактын ИННи» талаасына мурда СКнеа катталган юридикалык жактын ИННин киргизиңиз. «Издөө» баскычын басканда, система автоматтык түрдө «Код МСКБ», «Салык төлөөчүнүн аталышы» жана «Жашаган дареги (каттоого турган)/Юридикалык дарек» талааларын толтурат.

«Физикалык жактын ИННи» талаасына колдонуучунун ИННин киргизиңиз. «Издөө» баскычын басканда, система автоматтык түрдө «ААА» талаасын толтурат.

Колдонуучунун негизги учетная записьтеги сыр сөзү киргизилиши керек. «Катталуу» баскычын баскан соң МСКнын инспекторуна арыз жөнөтүлөт. Арыз каралып, жергиликтүү органдар тарабынан жактырылгандан кийин, колдонуучу «Кирүү» бөлүмүнө өтүп, аутентификациядан өтүшү зарыл. Дароо аккаунттар тандап кирүү үчүн бет ачылат, анда колдонуучу кайсы уюмга же колдонуучу менен СКга кирүүнү тандайт.

### Салык төлөөчүнүн кабинетинде колдонуучуну аутентификациялоо





СКга кирүү (аутентификация) колдонуучу СКга (Салык төлөөчүнүн кабинетине) кирүү үчүн логин/сыр сөз же электрондук кол тамга (ЭКТ) аркылуу каттоосу болушу керек.

## 2.1. Логин жана сыр сөз аркылуу кирүү

СКга логин/сыр сөз менен кирүү үчүн «Логин» жана «Сыр сөз» талааларын толтуруп кириңиз. Эгер логин же сыр сөз туура эмес болсо, система сизге катаны көрсөтөт.


## 2.2. Электрондук кол тамга (ЭКТ) аркылуу кирүү

ЭКТ аркылуу кирүү үчүн төмөнкүлөрдү аткарыңыз «Рутокен тандоо» талаасынан керектүү түзмөктү тандап, «Сертификат тандоо» талаасынан тиешелүү сертификатты тандаңыз, “Сыр сөз” талаасына токен ПИН кодун жазып, кирүү аткарыңыз.





## 2.3. «Smart-Id KG» аркылуу кирүү

Мында «Smart-Id KG» колдонмосу аркылуу чыккан QR-кодду сканерлеңиз, автоматтык түрдө системага кирет.



## 2.4. Бирдиктүү идентификация системасы (БИС) аркылуу кирүү

БИС аркылуу кирүүнү тандаганда, система төмөнкү дарекке багыттайт: **https://esia.tunduk.kg/:**




Андан ары аутентификация процесси Түндүк порталына жайгаштырылган «Колдонуучунун колдонмосуна» ылайык жүргүзүлүшү керек.

### Башкы меню

Кабинеттин башкы менюсу төмөнку бөлүмдөрдөн турат: «Башкы бет» «Салыктарды төлөө» «Модулдар» «ЭТТН» «Электрондук отчеттор» «Кызматтар» «Филиалдар» «Мүлк» «Маалымкаттар» «ЕАЭБ менен иштөө» «Билдирүүлөр» **Менюдагы белгиси тийиштүү бөлүмдө кошумча бөлүмчөлөр бар экенин билдирет.**

Башкы бетте колдонуучунун ыңгайлуулугу үчүн эң көп колдонулуучу сервистерге тез өтүү шилтемелери жайгаштырылган. Оң жактагы жогорку бурчта «Профильге өтүү» баскычы бар. Бул баскычты басканда, колдонуучу өзүнүн маалыматтары камтылган баракчага өтөт.

### Порталдын бөлүмдөрү

# 5. «САНАРИП АЙМАК» АВТОМАТТАШТЫРЫЛГАН МААЛЫМАТ СИСТЕМАСЫ




**«Санарип Аймак» автоматташтырылган маалымат системасы** жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара жана мамлекеттик башкаруу органдары менен ведомстволор аралык электрондук байланыш системасы аркылуу байланышын камсыздайт.

«Санарип аймак» автоматташтырылган маалымат системасынын негизги максаты «Санарип аймак» модулдарынын жардамы менен маалыматтарды чогултуу, сактоо, иштеп чыгуу, издөө, түзүү, тиешелүү суроо-талаптар боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана мамлекеттик башкаруу органдарынын өз компетенциясынын чегинде чечим кабыл алуу процессинде зарыл болгон технологияларды жана техникалык каражаттарды берүү болуп саналат.

**«Санарип Аймак» АМСтин негизги тапшырмалары төмөнкүлөр:**

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн автоматташтыруу жана маалыматтык коомду түзүү үчүн техникалык жана технологиялык негизди өнүктүрүү;
2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын физикалык жана юридикалык жактар менен натыйжалуу жана туруктуу байланышы, жана алардын сапаттуу кызматтарды бөгөтсүз жана убагында керектүү маалыматтарды алуусу;
3. Коррупциялык факторлорду жоюу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасында ачыктыкты камсыз кылуу;
4. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аймагында калк жана үй-бүлөлөрдүн туура каттоо;
5. Шайлоо жана референдумдар өткөрүлгөн учурда шайлоочулардын жана референдум катышуучуларынын тизмелерин түзүү үчүн маалыматтарды чогултууну жөнөкөйлөтүү;
6. «Санарип Аймак» АМСтин түзүлгөн модулдары боюнча борборлоштурулган маалымат базасын түзүү;
7. Жергиликтүү коомчулуктун калкын социалдык коргоо программаларын иштеп чыгуу үчүн «Санарип Аймак» АМСтин маалыматын колдонуу.

«Санарип Аймак» системасы «Түндүк» электрондук ведомстволор аралык өз ара байланыш системасы менен интеграцияланган.

«Санарип Аймак» аркылуу аймактардын жана айылдардын тургундары муниципалдык кызматтарды электрондук форматта ала алышат, ал эми жергиликтүү бийлик органдарынын иши толугу менен автоматташтырылат. Калктын ички миграциясын каттоо жана көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Ар бир айыл тургундун мүлк, мал-жандык, унаасынын, жеке маалыматтарынын жана үй-бүлө мүчөлөрүнүн (ЗАГС) электрондук журналы түзүлөт. Бул айыл өкмөттөн маалымкатты кайрылган учурда ыкчам алууга шарт түзөт.

# 6. ЖАРАНДАРДЫН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНА ЭЛЕКТРОНДУК КАЙРЫЛУУ ПОРТАЛЫ www.kattar.kg

**Электрондук кайрылуулардын порталы (мындан ары - Кайрылуулар порталы) http://www.kattar.kg** дарегинде жайгашкан маалыматтык система болуп саналат. Бул система жарандардын электрондук кайрылууларын бардык мамлекеттик аткаруу бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан кабыл алуу, иштеп чыгуу жана кароо процесстерин автоматташтырууну камсыз кылат.

Кайрылуулар порталы жарандардын мамлекеттик аткаруу бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кайрылуу укугун камсыз кылуу механизмдеринин бири болуп эсептелет.

Жарандардын электрондук кайрылуулары Кыргыз Республикасынын «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» мыйзамынын жана ушул Жобонун талаптарына ылайык каралууга тийиш.


Электрондук кайрылуулардын авторлорунун жеке маалыматтары Кыргыз Республикасынын жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндө мыйзамдарынын талаптарын сактоо менен каралат жана иштелип чыгат.

Мамлекеттик аткаруу бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызматкерлери жарандардык электрондук кайрылууларын өз компетенцияларынын чегинде Кайрылуулар порталын колдонуп үзгүлтүксүз көзөмөл кылат.

### Электрондук кайрылууну толтуруу боюнча нускама

Жарандардын электрондук кайрылуусун толтуруусу үчүн порталдын иш алгоритми жөнөкөйлөтүлгөн жана түшүнүктүү, авторизацияны талап кылбайт. Электрондук кайрылуу толтуруу үчүн колдонуучу порталдын башкы бетин ачышы керек. Ал жерде кайрылуулардын түрү чоң блоктор түрүндө көрсөтүлгөн.

- **Сунуш.** Жаран тарабынан Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин, мыйзамдарды жана башка укуктук-ченемдик актыларды жакшыртуу, мамлекеттин жана коомдун экономикалык, саясий, социалдык-маданий жана башка маселелерди чечүү боюнча сунуштарды камтыган кайрылуу.
- **Арыз.** Жаран тарабынан анын же башка адамдардын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин коргоого көмөк көрсөтүү же мыйзамдардын жана башка укуктук-ченемдик актылардын бузулушу жөнүндө билдирүү, ошондой эле көрсөтүлгөн органдардын жана кызмат адамдарынын ишиндеги кемчиликтер жөнүндө маалымат камтылган кайрылуу.
- **Даттануу.** Жарандын же башка тараптардын укуктарын, эркиндиктерин же мыйзамдуу кызыкчылыктарын калыбына келтирүү жөнүндө өтүнүчтү камтыган кайрылуу.




**Электрондук кайрылуу түзүү төрт этаптан турат:**

1. **Мазмуну.** Колдонуучу кайрылуунун түрлөрүнүн бирин тандап, «Баштоо» баскычын басышы керек.
2. **Кайрылуу субъекти.** Кайрылуунун түрү аныкталгандан кийин, кийинки терезе автоматтык түрдө ачылат, анда кайрылуунун варианты тандалат:
   - Жеке кайрылуу;
   - Жамааттык кайрылуу.




3. **Кайрылуу берүү эрежелери.** Бул этапта колдонуучу электрондук кайрылуу боюнча көрсөтмөлөр менен кылдат таанышып чыгып, «Кайрылуу берүү» баскычын басышы керек.

   Электрондук кайрылуулар боюнча нускама порталдын сайтында көрсөтүлгөн.





4. **Кайрылуу формасы.** Кайрылуунун акыркы этабы – бул даяр электрондук форма. Анда колдонуучу өзүнүн бардык маалыматын, кайрылуу багытталган даректи, алуучуну көрсөтүп, зарыл болсо уруксат берилген форматтагы файлды тиркеши керек. Электрондук кайрылууну толтуруп бүткөндөн кийин «Кайрылууну жөнөтүү» баскычын басуу зарыл.

Кайрылуунун кароо жүрүшү тууралуу авторго билдирүү электрондук түрдө, формада көрсөтүлгөн электрондук почта (e-mail) дарегине жөнөтүлөт.

Жарандардын ыңгайлуулугу үчүн порталдын башкы бетинде үч бөлүм бар:

1. **Суроолор жана жооптор каталогу.** Колдонуучу бул бөлүмдө эң көп берилүүчү суроолорго жоопторду таба алат жана кайрылууларды берүү эрежелерин укук-тук-ченемдик актыларга ылайык жүктөп алса болот.
2. **Статистика.** Бул бөлүмдө катталган, аткарылган жана аткаруу процессинде турган кайрылуулар боюнча маалыматтар көрсөтүлөт.
3. 3. **Жеке кабыл алуу.** Бардык мамлекеттик органдардын коомдук кабылдамаларынын байланыш маалыматы жана ар бир мекеменин жеке кабыл алуу графиги көрсөтүлгөн баракча.




# 7. «АЧЫК БЮДЖЕТ» ИНТЕРНЕТ ПОРТАЛЫ https://budget.okmot.kg/

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан **«Ачык бюджет»** интернет порталы (мындан ары – Портал) ишке киргизилди. Бул портал республиканын жана жергиликтүү бюджеттердин киреше жана чыгашалары боюнча маалыматтарды интернетте берүүчү автоматташтырылган система болуп эсептелет.

Кыргызстандын тарыхында биринчи жолу жарандар жана уюмдар мамлекеттик бюджеттин аткарылышы тууралуу маалыматтарды деталдуу жана маалында алууга мүмкүнчүлүк алышты. Маалыматтар мамлекеттик органдар, аймактык бөлүмдөр, ошондой эле жеке алуучулар боюнча ИНН аркылуу бөлүнүп көрсөтүлөт. Бул портал маалыматтарды Каржы министрлигинин Казына маалыматтык системасынан автоматтык түрдө онлайн режиминде жаңырып турат.

Портал Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жеткиликтүүлүгү чектелген маалыматтарды жарыялабайт.

Кызыкдар тараптар үчүн бюджет боюнча маалыматтар Портал аркылуу ачык-айкын болот. Ал мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин натыйжалары менен бюджеттик каражаттардын байланышын көрсөтөт. Бул ресурс интернет колдонгон бардык колдонуучулар үчүн жеткиликтүү.

Порталдын иши жеке жана юридикалык жактардын мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагындагы маалыматтарды алуу укуктарын чектеген мыйзам талаптарын бузбайт. Бул портал Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагындагы маалыматка жеткиликтүүлүк жөнүндө» мыйзамынын жоболорун иш жүзүнө ашырууга көмөк көрсөтөт.


## Порталдын колдонуу боюнча нускама


**www.budget.okmot.kg** платформасы абдан жөнөкөй, жеткиликтүү жана түшүнүктүү түзүлгөн. Мамлекеттик бюджет боюнча бардык зарыл маалыматтар сүрөттөр, диаграммалар жана таблицалар түрүндө берилген.


Порталдын башкы бетинде кирешелер, чыгашалар, жарандык бюджет жана өнүктүрүү фонддору боюнча маалыматтарды камтыган бөлүмдөр бар.

Ар бир бөлүмдө киреше жана чыгашалар  боюнча деталдуу маалыматтарды мезгил, аймак, ведомстволор боюнча тандап издөө мүмкүнчүлүгү бар.

Маалыматтарды алуу үчүн сизге кызыктырган бөлүмдү тандап, таблицада керектүү издөө параметрлерин коюу керек.





budget.okmot.kg/ky/home
Ачык Бюджет
ГАУГИ
Мамлекеттик карыз
2020
2021
2022
2023
2022
Мамл. карыз 478 225.6 млн. сом
Ички карыз 94 132.5 млн. сом
Тышкы карыз 384 093.2 млн. сом
2023
Мамл. карыз 559 503.6 млн. сом
Ички карыз 145 013.4 млн. сом
Тышкы карыз 414 490.2 млн. сом

Бул басылма Европа Биримдиги тарабынан каржыланат. Анын мазмуну үчүн "Жаштарды өнүктүрүү институту" КФ жана Кыргызстандагы DVV International гана жоопкерчиликтүү жана ал Европа Биримдигинин көз карашын сөзсүз түрдө чагылдырбайт.

**#EU4KG #EU4DIGITAL #YOUTHGOKG**

vhs DVV International

НЕМИС ЭЛДИК УНИВЕРСИТЕТТЕР АССОЦИАЦИЯСЫНЫН
ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК ИНСТИТУТУ (DVV INTERNATIONAL)
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ, БИШКЕК,
ФРУНЗЕ КӨЧ., 402, 720033

996 (312) 32 39 01

INFO@DVV-INTERNATIONAL.KG

WWW.DVV-INTERNATIONAL-CENTRAL-ASIA.ORG

ЖАШТАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ИНСТИТУТУ

ЖАШТАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ИНСТИТУТУ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ, БИШКЕК,
ЮНУСАЛИЕВА КӨЧ., 80,
OLOLOPLANET, 507 КАБ., 720005

996 (505) 69 99 09
996 (220) 69 99 09

OFFICE@JASHTAR.ORG

WWW.JASHTAR.ORG